**2019-2020-окуу жылында О.Текеев атындагы орто мектебинин**

**окуу-тарбия иштеринин анализи**

О.Текеев атындагы орто мектеби Чуй облусунун Панфилов районундагы Букара айылынын Осуке 12/2 көчөсүндө жайгашкан. 310 орунга ылайыкталган. 11 класс комплект. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

Балдарды жана мектеп жашындагы балдарды каттоо жүргүзүүдө жалпы аймак боюнча май айында- 315 бала катталган. Анын ичинен биздин мектепте 178 бала окуйт. Бизге коншу жайгашкан К.Жуматаев атындагы орто мектепте 44 бала окуйт. Анын ичинен 5 бала инвалид балдар: 3 окуучу биздин мектепте окуйт 2 окуучу үйдөн окуйт.

Мектептин миссиясы:

Быйылкы окуу жылында төмөндөгүдөй көйгөйдүн үстүндө иштеп жатабыз:

“Алган билимин пайдалана билген, коомдо өзүнүн ордун таба алган активдүү, билимдүү окуучуларды тарбиялоо”

Мектепте 1-жарым жылдыкта 18 мугалим эмгектенди.

Билими боюнча

Жогорку билимдүү- 15

Атайын орто билимдүү 3

Эл агартуунун отличниги -4

Коконова Асылкан - англис тил мугалими

Надырбекова Гульмира - орус тили жана адабияты мугалими

НурдубаеваГулжан - башталгыч класстын мугалими

Омуралиева Бурулкан - башталгыч класстын мугалими

Жаш мугалим Омурбай кызы Бурулбү насаатчысы Коконова Асылкан. Насаатчы мугалим менен жакшы иштерди алып барды. Жаш мугалим тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына кирип усулдук жардам алып турат.

Кадрлар менен иштөө: Квалификациясын жогорулатуу боюнча 1 мугалим билимин жогорулатып келди.

2019-2020-окуу жылында мектепте 2 семинар болуп өттү. Биринчиси профсоюздардын семинары жана Директорлордун семинары жогорку денгээлде өткөруп алдык.

Окуучулар жонундо маалымат.

| | |
|---|---|
| 1-чейректе 155 окуучу | 2-чейректе 155 окуучу |
| Кыздары 1 | кыздар 2 |
| Балдар 2 | балдар |
| Отличниктер 18 | Отличниктер 20 |
| Ударниктер - 40 | Ударниктер -40 |
| Билим сапаты 42% | Билим сапаты 43% |

2019-2020-окуу жылындагы биринчи жарым жылдыктагы ички көзөмөлдүн жыйынтыгы.

Бардык мугалимдер оздоруно тиешелүү пландарды бекитип иш жургузуп келишти. Окуучулар окуу китептери менен камсыз болду. Окуучулардын кундолук дептерлери ай сайын мектеп жетекчилери тарабынан текшерилип жыйынтыгы чыгарылып жатты. Класстык журналдардын толтурулушу ай сайын текшерилип,эскертүүлөр берилип турду.УБ жетекчилери менен аңгемелешип, алардын иштерине көзөмөл жүргүзүлүп жатты. Ийримдер, өзгөчөлөнгөн окуучулар менен иштөөчү пландар текшерилип көзөмөлдө болуп турду. Окуучулардын билим сапатын текшерүү үчүн жыл ичинде ар бир предмет боюнча тест, срез мектеп акимчилиги тарабынан алынып жыйынтыктар чыгып, айрымдарына эскертүүлөр берилди. Окуучулардын жазуу иштеринин журушу боюнча чейрек сайын бир жолудан жетекчилер тарабынан текшерилип, жыйынтык чыгарылып турду. Жыл башында ички көзөмөл жүргүзүү боюнча айлык пландар түзүлүп, ал боюнча төмөндөгүдөй иштер аткарылды.

Сентябрь айында билим күнү өтүү менен тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Кабинеттердин абалы текшерилди, окуу китептери менен камсыз болушуна көзөмөл жүргүзүлдү. Класс комплектисин тактап, оку пландары, ийрим, өзгөчөлөнгөн окуучулар менен иштөөнүн пландары бекитилди. ОШ-1 менен иштөө такталды, сабактардын жүгүртмөсү түзүлүп, мугалимдер тарификациядан өткөрүлдү. Календардык план, тарбия пландарынын жазылышы, китеп менен камсыз болушу, кыргыз тилчилердин декадасынын өткөрүлүшү директордун алдындагы кеңешмеде каралды.

Окуучулардын алфавиттик китеби, окуучулардын оздук делолору такталды.

Директордун алдындагы кенешмеде начар окууган окуучулар менен иш алып баруу жагы предметтик мугалимдерге милдеттендирилген. Ар бир мугалим иш жургузуп папка ачышкан.

Ноябрь айында журналдардын толтурулуштары №1,2,3 жазуу дептерлери текшерилип, кундөлүктөрдүн толтурулушу боюнча жалпы текшеруу болуп, УБ жетекчилеринин чогулуштарында каралды. 9-11-класстар арасында тест, срездер алынып, пед кенешмеде айтылды.

Мектеп ичинде олимпиада жүргүзүлүп мыкты окуучулар райондук олимпиадага бараары аныкталды.

Декабрь айында райондук олимпиада өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлигинин буйругунун жана Панфилов райондук билим беруу болумунун буйругунун негизинде мектеп ичинде предметтер боюнча олимпиада болуп өттү.

Максаты: Окуучулардын алган билиминин жыйынтыгы райондук жана областык олимпиадаларга эн мыкты окуучуну тандоо. Мектеп ичиндеги олимпиаданын женүүчүлөрү райондук олимпиадага жолдомо алышты. 19-20-декабрда райондук олимпиада болуп окуучулар томонкудой жыйынтыктарга ээ болушту

Мирбек кызы Нурайым 3-орун орус тили жана адабияты сабагынан.

Былтыркы жылга салыштырмалуу 3 орунга аз болду.

Мындан тышкары 1-жарым жылдыкта коюлган пландар оз убагында аткарылып жатат. Ай сайын коюлган предметтик декадалар, кенешмелер оз убагында аткарылды.

Январь айында биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгын чыгардык жана экинчи жарым жылдыктын милдеттери менен тааныштырдык. Январь айында класс кабинеттердин кароо сынагын уюштурдук, кароо сынактын жыйынтыгы март айында чыгаарын айтып өттүк.

Январь айынын ортосунда 4-5-класстарда окуу тездигин жана тушунуусун текшеруу болду жана УБ жетекчилери текшерип маалымат беришти.

13-январдан 24-январга чейин орус тили жана география сабактарынан декада откорулду. Декадада предметтик мугалимдер ачык сааттарды жана класстан тышкаркы сааттарды өткөрүштү жана окуучулар кызыгуу менен каттышышты.

14-январдан 17-январга чейин класстык журналдардын, окуучулардын оздук делолорун, алфавиттик китепчесин текшерип чыктык.

Февраль айынын башталышында Тарых усулдук бирикмесинин декадасы болду. Тарых сабагынын берилишинин абалын текшерип

сабактарга катышып анализдер жазылды. Адам жана коом, дене тарбия, кол эмгек, сурот, чийуу, АЧД сабактарынын берилишин текшердик. Ар бир предметтик мугалим оз сабагынан класстык сааттарды жана мектеп ичинде ар турдуу иш чараларды өткөзүштү. Мисалы: АЧД сабагынан "Жоокер оюну " Сүрөт сабагынан "Сүрөт көргөзмөсүн 2020 " кароо сынактары болду.

17-февралдан 28-февралга чейин англис тил сабагынын декадасы болуп отту. Декада жогорку денгээлде болду. Декада жонундо маалымат жазылып районго берилди.

Мектеп ичинде окуучулар менен интелектуалдык марафондорду откоруу болду "Акыл ордо", "Окуу марафону" ж.б. өткөрүлүп турат

Март айынын башталышында башталгыч класстардын декадасы болуп отту анда ар бир класс жетекчи класстары менен ачык сааттарды, класстан тышкаркы саттарды откорушту жана окуучулар кызыгуу менен катышты.

Чыгармачыл мугалимдер Коконова А, Нурдубаева Г, Надырбекова Г "Жаны усулдук сабактарды сабакта колдонуу" деген темада тегерек стол откорушту.

Окуучулардын кундолук, жазуу дептерлерин, тесттик иштери, текшеруу, дил баян дептерлеринин текшерилиши жана абалы карап чыгуу болду. 9-10-11-класстарда сынак берилуучу сабактардан билим кесиндиси алынды.

Март айында мектеп акимчилиги тарабынан башталгыч класстарда негизги предметтер боюнча билим сапатын текшеруу болду.

2020-жылдын 14-мартындагы Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирустун жайылышына жол бербоо жана кырдаалдын онугушуно богот коюу боюнча Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кенешинин чечимине ылайык Кыргыз Республикасынын билим беруу уюмдарында моонотунон мурда каникул жарыяланды.

8-апрелден баштап 4-чейректи аралыктан окуутуу башталды. Окуучулар сабактарын теле сабактарды корушту жана мугалимдер видео сабактарды даярдап жонотуп турушту. Ар бир предметтик мугали класстар менен кайтарым байланышты жургузуп турушту. Анда мугалимдер вотсап жана зуум, ютуп программалары менен кайтарым байланышты жургузуп турушту. Андан тышкары ар бир класс жетекчи пландарга ылайык тарбиялык сааттарды отушту. Мисалы: "7-апрел Элдик революция куну", "1-май Эмгекчилер куну", "5-май Конституция куну", жана "9-май Улуу женишке 75 жыл" деген темада тарбиялык сааттарды даярдап онлайн турундо отушту. Окуучулар ырларды жаттап Улуу жениш жонундо видеолорду даярдап класс жетекчилерге жонотуп турушту. Азыркы учурда

телесабактардан тышкары кошумча сабактарды мугалимдер даярдап жонотуп турушат. Окуучулар аралыктан окуутууга активдуу катышып ата-энелердин жардамы менен телефон жана телевизор менен камсыз болушуп эч кандай көйгөй жаралган жок. Ата-энелерге телевизордон тышкары телефон аркылуу телесабактарды коруу жонундо ар турдуу программаларды көчүрүп алуу жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Азыркы учурда окуучулар бир калыпка түшүп аралыктан окуутууга конуп калышты.

2019-2020-окуу жылында 9-11-класстар үчүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы аралыктан өткөрүлдү. Жыйынтыктоо аттестациясынын мүчөлөрү бардык санитардык гигиеналык эрежелерди сактоо менен экзамендерди өз убагында өткөрүштү. Баалары коюлду. 24-июнда санитардык гигиеналык эрежелерди сактоо менен бүтүрүүчүлөрдүн аттестаттары тапшырылды.

Аткарган: Канболот к Р